# ЭЛ ИЧИНДЕ ЭМГЕГИ СИҢГЕН АГАЙЛАР

5-бетте





# ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАҢЫЛАНГАН ОШМУ

4-бетте

Жаштык-бул жигер!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити

№05 (194) 2019-жыл, • Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## Каныбек Исаков Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри болуп дайындалды






Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Каныбек Исаков 11-сентябрда Билим берүү жана илим министри болуп дайындалды. Тиешелүү жарлыкка президент Сооронбай Жээнбеков кол койду.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри кызматына дайындалган ОшМУнун ректору Каныбек Исаков 2011-жылдан тарта Ош мамлекеттик университетинин жетектеп келген.

Эмгек жолунда ОГПИде жана ОшМУда билим берүүнүн сапатын көтөрүү багытында бир топ бараандуу реформаларды жасаган. Жаңы билим берүү чөйрөсүн жана инфраструктурасын түзгөн.

ОшМУну жетектеп турган учурда университеттин ички каражатынан жана инвестициялардын эсебинен жаңы окуу корпустарды, жатаканаларды, лабораторияларды, илимий-маданий, спорттук комплекстерди заманбап деңгээлде курган, модернизациялаган жана учурда дагы жаңы окуу корпустардын, спорттук комплекстин курулуш иштери жүрүп жатат.

Аймактардагы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында аймактарда ОшМУнун 7 мектеп-гимназиясын түзгөн.

Университеттин бардык ишмердүүлүгүн заман талабына ылайык модернизациялаган.

Ондогон виртуалдык жана санариптик лабораторияларды түзгөн.

Университетти жетектеп турганда Ош мамлекеттик университети эл аралык аккредитациялардан өткөн.

2017-жылдын жана 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстандагы университеттердин Улуттук рейтингинде Ош мамлекеттик университети көп багыттар боюнча I орунга чыккан. Ал эми генералдык рейтингде I болгон.

Эл аралык байланыштардын горизонту кеңейип, билим экспорту өнүгүп, академиялык мобилдүүлүк кулач жайып, акыркы жылдары ОшМУга 15 млн. доллардан ашуун инвестициялар тартылган.

Окутуучу – профессордук курамдын айлык акылары жыл сайын көтөрүлгөн. Окутуучу жана студенттерге максималдуу шарттар түзүлгөн.

Урматтуу Каныбек Абдуваситович, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри болуп дайындалышыңыз менен Ош мамлекеттик университетинин жалпы жамаатынын атынан куттуктайбыз.

Сиздин мамлекеттик жоопту кызматыңызда ийгиликтүү жана жемиштүү эмгектенишиңизге тилектешпиз. Сиз менен бирге билим берүү системасында бараандуу реформалар жасаларына ишенебиз.

**Жаңы башталып жаткан ишиңизди ийгиликтер коштосун!**

## ОшМУнун ректорунун милдетин аткаруучу болуп Кудайберди Кожобеков дайындалды



Билим берүү жана илим министринин №98 буйругунун негизинде Кудайберди Кожобеков ОшМУнун ректорунун милдетин аткаруучу болуп дайындалды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин статс-катчысы Жапаркул Ташиев 14-сентябрь күнү эмгек жамаатка тааныштырды.

ӨМҮР ТАРЖЫМАЛЫ

Кудайберди Кожобеков 1975–жылы 30–декабрда туулган.

1997–жылы Ош мамлекеттик университетинин физика–математика факультетинин математика адистигин аяктаган. Физика–математика илимдеринин кандидаты (2009-ж.), доцент (2012-ж.).

1997–2002–жылдары ОшМУнун колдонмо математика жана информатика кафедрасынын окутуучусу;

2002 – 2007–жылдары ОшМУнун компьютердик технологиялар факультетинин деканынын орун басары, программалоо кафедрасынын улук окутуучусу;

2007–2011–жылдары ОшМУнун математика жана маалыматтык технологиялар факультетинин окуу-тарбия иштери боюнча декандын орун басары, программалоо кафедрасынын доценти;

2011–201 –жылдары ОшМУнун окуу-маалыматтык департаментинин директору;

2016–2017–жылдары ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору;

2017-жылдын февраль айынан тартып Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары кызматын аркалап келген.

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru



# Түркиянын Кыргызстандагы элчиси ОшМУда болду

Кыргыз Республикасындагы Түркиянын Өзгөчө жана ыйгарым укуктуу элчиси Женгиз Камил Фырат баштаган делегация 17-сентябрда Ош мамлекеттик университетинде болушуп, ректордун милдетин аткаруучу Кудайберди Кожобеков менен жолугушту.

Жолугушуунун жүрүшүндө Түркиянын бир нече жогорку окуу жайлары менен байланыштары, Түркиянын Анкара университети менен кызматташтыктын алкагында ачылган Теология факультети, Кастамону университети менен биргелешип ачылган Кыргыз-Түрк факультети, "Ыйман" лицейий тууралуу маалыматтарга токтолду.



Жолугушууда бир топ биргелешкен кызматташуулар боюнча сөз болуп, делегация ОшМУнун Теология факультети, "Ыйман" лицейиндеги студенттердин билим алуусуна түзүлгөн шарттар менен таанышып чыгышты жана "Ыйман" гимназиясына материалдык-техникалык колдоо көрсөтүү, жаңы окуу имаратын жана жатаканасын куруу багытында сүйлөшүүлөрдү тездетүү боюнча сөз кылышты.

# Кадрлар резервине II этаптагы педагогика-психология боюнча сынактар өттү



12-сентябрь күнү ОшМУнун 2019-2020-окуу жылына карата ички кадрлар резервине жа-рыяланган конкурс боюнча профессордук-окутуучулук кызмат орундарын ээлөө боюнча II этаптагы педагогика-психология боюнча сынактар өттү.

Аталган сынактар 2018-2019- окуу жылынан тартып профессордук-окутуучулук курамды сапаттык жактан жакшыртуу, аймактагы кесипкөй, прогрессивдүү, креативдүү, активдүү окутуучулардын эң татыктууларын тандоо максатында уюштурулуп жатат.

ОшМУнун кадрлар башкармалыгынын берген маалыматына ылайык жыйынтыгында сы-накка катышкан 105 талапкердердин 67си 70 балдан жогору упай топтошуп, сынактан ийгиликтүү өтүштү.

# АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮК

Мевлана программасы боюнча күзгү семестрде Түркиянын бир нече университеттерине окууга өткөн студенттер менен ОшМУнун өнүктүрүү жана эл аралык байланыштар боюнча проректору Абдыганы Абдувалиев жолугушту.

Ушул жылдын күзгү сместиринде аталган программа боюнча Түркиянын университеттеринде академиялык мобилдүүлүкө 14 студент, 6 окутуучу өткөн: Математика жана информациялык технологиялар факультетинен 2 студенти, Кыргыз-Европа факультетинен 2 студенти, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинен 1 студенти, теология факультетинен 2 студенти, чыгыш таануу жана тарых факультетинен 1 студенти күзгү семестрде билимин Түркиянын университеттеринде улантышат.



Белгилей кетсек, ОшМУ менен Батыш Чех университети жаңы долбоорду баштады. Эми биздин студенттерибиз Semestral Programme "Europe in International Relations" программасынын долбоорунун алкагында Чехияда бир семестр окуп келүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Учурда биздин 5 студент Чехияга мобилдүүлүк боюнча билим алууга кетишти.

# ОшМУда декандык шайлоолор өттү



"Ош мамлекеттик университетинде факультеттин деканын шайлоо" жөнүндөгү жобого ылайык 16-17-18-сентябрда бир канча факультеттердин декандык шайлоо болуп өттү.

Шайлоого жалпысынан факультеттердин профессордук-окутуучулук курамы катышып, жыйынтыгында ОшМУнун чыгыш таануу жана тарых факультети декандык кызмат ордуна эч бир талапкер өтпөй калгандыктан конкурстук шайлоого чейин факультеттин деканынын м.а. кызматына доцент Ж.С.Бөтөнөев дайындалды.

Ал эми педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин декандык кызмат ордуна п.и.к., доцент Б.Б.Муратбаев дайындалды.

Ушундай эле шайлоо менен юридика факультетинин декандык кызмат орунга эч бир талапкер өтпөй калгандыктан конкурстук шайлоого чейин факульттин деканынын м.а. кызматына жарандык укук жана процесс кафедрасынын профессору Н.Б.Мурзубраимов дайындалды.

## ОшМУнун 80 жылдык маарекеси 2020-жылдын апрель айында өтөт




ОшМУнун Административдик кеңешинин 2019-жылдын 23-сентябрындагы №4 жыйынында ОшМУнун Административдик кеңешинин төрагасынын м.а., доцент Г.Кожобеков ОшМУнун ректорун шайлоо өткөрүлө тургандыгына байланыштуу, ОшМУнун 80 жылдык маарекесин 2020-жылга жылдыруу жөнүндөгү маселе каралып, ОшМУнун ректорун шайлоо өткөрүлө тургандыгына байланыштуу, ОшМУнун 80 жылдык маарекесин өткөрүү 2020-жылдын 15-16-17-апрель күндөрүнө жылдырылды.

## Улуттук көчмөндөр оюндарында Марлен Абдрасулов алтын медалдын ээси болду




Талас облусунда өткөн Улуттук көчмөндөр оюндарында ОшМУнун Бизнес жана менеджмент факультетинин 3-курсунун студенти Марлен Абдрасулов 60 кг салмакта алыш күрөшү боюнча мелдешип 1-орунду жеңип алган.

Бүгүн, 30-сентябрдагы Административдик кеңеште ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божонов жалпы жамааттын атынан куттуктап, окууларына жана спортто ийгиликтерди каалады.

Белгилей кетсек, ОшМУ дайыма окууда жана спортто ийгиликтерди жараткан студенттерди материалдык жана моралдык жактан колдоп келет.

## Табият таануу жана география факультетинин кызматкерлери Ургенч жана Каракалпак мамлекеттик университеттеринде болушту



2019-жылдын 8-14-сентябрь күндөрү табият таануу жана география факультетинин деканы, профессор А. Низамиев, экономикалык география жана эл аралык туризм кафедрасынын аспиранты Г.А. Эргешова Ерасмус+ программасынын "Борбордук Азияда курчап турган чөйрөнү коргоо: мейкиндик усулдарын колдонуу менен кырсыктар тобокелчиликтерин башкаруу" аттуу долбоордун алкагында Өзбекстандын Ургенч жана Каракалпак мамлекеттик университеттерине илимий иш сапарында болуп келишти. Аталган окуу жайларында долбоор жана боллон системасынын өзгөчөлүктөрү боюнча окуулар өтүлдү. Ошондой эле аймактын тарыхый, географиялык жана экологиялык (Арал деңизинин жоголуусу жана анын кедергиси) өзгөчөлүктөрү менен таанышуу болду.

**ОшМУ ПРЕСС**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# “КОНФУЦИЙ ИНСТИТУНУНУН КҮНҮ” БЕЛГИЛЕНДИ




ОшМУнун Кыргыз - Кытай факультетинде 26-сентябрда салтка айланган “Конфуций институтунун күнү” белгиленди. Иш-чараны ОшМУнун ректорунун м.а. Кудайберди Кожобеков ачып, жалпы жамаатты куттуктап, ийгиликтерди каалады. Майрамдык салтанаттын жүрүшүндө студенттер тарабынан кытай элинин каада-салттары чагылдырылып, көргөзмөлөр коюлду. Таланттуу жаштар тарабынан ыр-бийлер аткарылды. Ошондой эле кытай тилинде студенттердин билим сапатын текшерген конкурстар уюштурулуп, жеңүүчүлөр өзгөчө белектер менен сыйланышты. Иш-чаранын жүрүшү боюнча Кыргыз –Кытай факультетинин деканынын милдетин аткаруучу Мирлан Манашов майрамдык майрамдын маңызы тууралуу:




“Конфуций институту Кытайдын Синьзян педагогикалык институту менен эки тараптуу келишимдин негизинде 2013 – жылы 13-июнда ачылган. Ошол күндөн тарта студенттерди кабыл алып, кытай таануу жана лингвистика багыты боюнча окута баштаганбыз. Ал учурда ОшМУда Кыргыз – Кытай факультети ачылып, окуу процесси факультеттин ичинде жүргүзүлө баштаган. Колледжибиз 2016-жылы, магистратура бөлүмү 2018-жылы ачылып, котормо таануу багытында ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Окутуучулардын жыйырма экиси жергиликтүү болсо, Кытай тараптан 19 окутуучу татыктуу билим берүүдө. Окуу процесси Кытайдан гранттык негизде алынып келинген 15 000 миң чамалуу китептердин негизинде жүргүзүлөт. Мындан сырткары Кытайдын 20дан ашуун музыкалык аспаптар алынып келинген”-деп билдирди.

***Кытай өлкөсүнөн келип, кытай таануу адистиги боюча окутуучу-ыктыярчы Жан Ли Кыргызстан жана студенттер жөнүндө өз оюн айтты:***



“Бүгүнкү күн биз үчүн аябай маанилүү дата. Ар жыл сайын белгилөө адатка айланган. Уюштуруу иштери мыкты деңгээлди жүргүзүлдү. Өзүмдү Кытайда жүргөндөй элестетип жатам.

Кыргызстандык студенттерге сабак берүүдө кыйынчылык деле жаралбайт. Себеби, сөздөрдү туура окуп, тамгаларды айтууга тилдери бат үйрөнүп, айткан тапшырманы убагында аткарып келишет. Эң башкысы окутуучуларды чын дили менен сыйлашат, урматташат. Музаффар, Баяман, Келдибек (санай берсе көп) сыяктуу студенттер ар тараптан алдыда келет.

Ош шаарында жашап жатканыма үч жылдын жүзү болууда. Ошондуктан улуттук тамак-ашына, кыргыз коомуна көнүп калдым. Кытайга ар жылы кышкы, жайкы эс алуу убагында



барып турам. Негизи эле кыргыз жергесинде жашаган жагымдуу”- деди Кытайдан келген окутуучу Жан Ли.

Белгилей кетсек, 2017-жылы дүйнө жүзүндө 625 Конфуций институттун арасынан Ош МУнун Кыргыз-Кытай факультетине "Эң мыкты институт – 2017" номинациясын жеңип алышкан.

**Айдана Аманалиева**

***Ош МУнун 80 жылдык маарекесине арналат***

# Бекембай агай мугалимдердин мугалими болгон

(Агайлардын агайы)

Быйылкы жылы Ош МУ өзүнүн 80 жылдык маарекесин өткөрүүнүн алдында турат. Массалык маалымат булактарында окуу жайдын тарыхы жана аны түптөөгө салым кошкон үлкөн окумуштуу-педагогдор жөнүндө илимий макалалар тынбай жарык көрүүдө. Мен да маарекени утурлай өзүн көрбөсөм да, анын эмгектерин окуган, агай тууралуу мектепте иштеп жаткан мугалимдерден окумуштуу –педагог катары да, чыныгы инсан катары да кызыктуу, суктанарлык жакшы сөздөрдү уккан студент катары белгилүү агайыбыз Бекембай Апышев жөнүндө ой-пикиримди окурмандарга тартуулайын деп чечтим. Себеби бир эле түштүк регионунун эмес бүтүндөй республиканын билим берүү тармагында таанымал, мугалимдердин, студенттердин, окурмандардын сүйүктүү агайы, чыгаан окумуштуу-педагог, профессор Апышев Бекембай Апышевич жөнүндө юбилей алдында сөз кылбай койсок туура болбос. Анткени ушундай эмгек сиңген агайлардын жасаган иштеринин натыйжасында гана университет бүгүнкү деңгээлге жетти.

Агайдын өмүр таржымалын, эмгектерин, ал жөнүндө жазылган макалаларды жана айтылган сөздөрдү анализдеп чыгып төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдим. Биринчиден, Бекембай Апышевич эң алгачкы болуп кыргыз тилинде “Педагогикадан” окуу китебин элдик таалим-тарбияга таянып жазган экен. Менин оюмча Коменский дүйнөлүк педагогикага, Ушинский орус педагогикасына кандай салым кошсо, Бекембай агай кыргыз педагогикасына ошолордой салым кошкон десек аша чаппасак керек.

Кыргыз педагогикасы Б.Апышевден башталган деген ойлордун айтылганы да бекерден эмес окшойт. Мисалы, агайдын алгачкы китептерине баа берип жатып академик Б. Мурзубраимов бул боюнча мындайча ой-толгоолорду билдирет: “Бекембай Апыш уулу жүз миңдеген үй-бүлөлөргө кыргыздын улуттук Макаренкосу, Сухомлинскийи, Волкову катары таанылып калган.

Ал эми биздин педагог агайыбыз, доцент Адылбек Батыралиев Б.Апышев жөнүндө төмөндөгүдөй таамай сөздөрдү айтып кетет: “Убагында музыка дүйнөсүндө Рыспай Абдыкадыров кандай жаңыча багыт берсе, Бекембай Апыш уулу да педагогикада ошондой жаңыча көз-караштты аң-сезимге калыптандырып кетти”.

Агайдын китептери жөнөкөй, жеткиликтүү, сиңимдүү ата-бабабыздын тилинде жазылып башка татаал илимий ,академиялык тил менен жазылган окуу китептеринен айырмаланып турат. Татаал педагогикалык көрүнүштөр элдик педагогиканын мисалдарында чечмеленет. Элдик педагогиканын идеяларын, тажрыйбаларын тарбия процессинин жана анын составдык бөлүктөрүнүн маңыз-мазмунун ачып көрсөтүүдө кеңири колдонгон. Мен педагогикадан Б.Апышевдин китептерин башка окуу китептерине салыштырганда көбүрөөк окуймун, анткени алар аң сезимиме, жан дүйнөмө тезирээк сиңет.

Экинчиден, 1991-жылы алгачкы болуп “Жалпы дидактиканын негиздери” аттуу окуу китебин жарыкка чыгарып, ал мугалимдердин эң керектүү стол китепчесине айланган. Бул эмгегинде да агай окутуу процессинин маңыз-мазмунун ачууда элдик педагогиканын каражаттарын колдонуп кетет. Мисалга алсак, Бекембай агай дидактикадагы заманбап аныктамаларды ата-бабаларыбыздын “Тиши чыккан балага, чайнап берген аш болбойт”, “Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт” “Билими күчтүү миңди жыгат” ж.б. деген макалдары менен эле түшүндүрүп кетиптир..

Үчүнчүдөн, Бекембай Апышевич мыкты лектор катары студенттердин, мугалимдердин аң-сезиминде калыптанып калгандыгын байкадым.. Көптөгөн бүтүрүүчүлөр агайдын лекцияларын, анын өтүү манерасын, сөз байлыгын, логикалык ыраатуулугун, жеткиликтүүлүгүн бүгүнкү күнгө чейин тамшанып айтып келишет. Мен көп эле агайдан таалим алган мугалимдер менен аңгемелешип көрдүм. Алар агайдын окуган лекцияларын тамшануу менен айтып беришти. Кыргыз Республикасынын Эл Артисти Жолдубай Алибаев агайыбыз мындай дейт: “Мен музфакка тапшырганда Бекембай агай декан болчу. Ошол мезгилдеги факультеттин кесиптик,илимий-теориялык,кадрдык потенциялына ушул күнгө чейин жете элекпиз.Ал окутуучуларды жана студенттерди өтө дыкаттык менен тандачу. Көп факультеттерде педагогикадан сабак берип алардын кесипкөйлүгүн түптөгөн. Бекембай Апышевди мугалимдердин мугалими десек эч аша чаппайбыз.Агайдын лекция окуудагы чеберчилигин сөз менен айтып берүү мүмкүн эмес”. Ал эми педагогика кафедрасынын башчысы доцент Н.С.Шадиевдин: “Лекцияны укмуш окуучу. Мындан ашкан лекторду көрө элекмин. Мүмкүн кайталанбаса да керек. Жашырып не, бул кишилерди эстегенде ыйлайм”, – дегени сезимди козгобой койбойт.

Төртүнчүдөн, Бекембай Апышевич педагогика жана психология кафедраларынын илимий потенциалын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруп, кыргыз этнопедагогикасын изилдеген кадрларды даярдап чыгууга чоң салымын кошуптур. Алардын ичинен А.Батыралиев, Б. Тажикова, Б.Иметов, Т.Жоробеков ж.б. бүгүнкү күнү ОшМУда үзүрлүү эмгектенип жатышат.

Агайдын жасаган иштери жана жазган эмгектери бизге окшогон өсүп келе жаткан муун үчүн көөнөрбөс, руханий байлык болуп кала бермекчи. Университеттин маарекесин майрамдоодо агайдын эмгеги бийик деңгээлде бааланат деген ойдобуз! Жакында педагогика кафедрасы Б.Апышевдин ишмердигине арнап өтө кызыктуу илимий жумалык өткөрдү. Агайдын тасмага тартылып алынган лекцияларын көрдүк. Мен мындай иш-чарага болочок мугалимдердин атынан кафедранын жамаатына ыраазычылык билдирип кетет элем. Себеби кадырман аалымдарыбызды эскерип туруу биздин адамдык да, кесиптик да парзыбыз деп ойлоймун.

**Искусство факультетин 3-курсунун МУЗ( б)-1-17 тайпасынын студенти**
**Алтынай Эргешова**

# ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАҢЫЛАНГАН ОШМУ

"Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясынын" алкагында жаңы окуу жылына карата бир топ алгылыктуу иш-аракеттер аткарылды. ОшМУнун административдик - чарба департаментинин 2019-жылы жасалган иштери боюнча аталган департаменттин директору Алтынбек Зайнидинов төмөндөгүлөргө токтолду:




-Жаштарга максималдуу шарттарды түзүү максатында узуну 40, туурасы 20 метр болгон заман талабына ылайык, акыркы үлгүдөгү каражаттар менен камсыздалуучу спорт комплекси курулуп, аягына чыгуу алдында турат.

***

Спорт күйөрмандарына ыңгайлуулук жаратуу үчүн кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин корпусундагы спорт аянтчасынын трибунасы, табият таануу жана география факультетинин спорт залы толук түрдө оңдоодон өттү.



***

"БИОМ" экологиялык кыймылы менен КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин өнөктөштүгүндө Евробиримдиктин каржылоосунда "Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жана толеранттуулугун өнүктүрүү" борбору ачылды. Ишке ашып жаткан долбоор келечекте коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү жана бул багытта педагог кадрлардын билимин жаңы усулдардын жана технологиялардын жардамында жогорулатуу багытында негизги аянча түзүп берүү максатын көздөйт. Аталган борбор ОшМУнун табият таануу жана география факультетинин экинчи кабатында орун алды.



***

ОшМУнун Кыргыз-Европа факультетинин, педагогика жана дене тарбия факультетинин чатыры жаңыланды.

***

Эл аралык ОшМУнун Өзгөн медициналык колледжинин 2-корпусунун реконструкциялоо иштери жүргүзүлдү.

***

Финансы –юридикалык колледжинде, д үйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде сырдоо иштери, ондоп-түзөө жумуштары аткарылды.



***

Индустриалдык-педагогикалык колледждин 4 кабаттуу имараты курула баштады.

***

Жатаканалардын ашканасына аба алмаштыруучу система жана раковиналар орнотулду.

***

Бизнес жана менеджмент факультетинде тосмолор жаңыланды.

***

ОшМУнун кампусундагы спорттук аянтчага жаңыдан газон себилип, таштаман басылды.

***

№1,2,3 жатаканаларга жаңы ажаткана пайдаланууга берилди.

***

ОшМУнун ботаникалык багында тосмо иштери жүрдү.

***

Ижарага алынган Кыргызтелекомдун имараты капиталдык ремонттон өтүп жатат.

***

Медициналык клиниканын алдындагы Ак-Буура дарыясына дамба курулду.

***

ОшМУнун КАМПУСундагы спорттук аянтча жаныдан газон себилип айланасына чуркоочу таштаман басылып, жаңы волейбол, баскетбол аянтчалар курулду.

Алдыда дагы бекитилген пландар боюнча өз мөөнөтүндө жумуштар аткарыла бермекчи-деп билдирди.

***

Түзүлгөн шарттарды, ондоодон өткөн имараттарды, биз дагы таза сактаганга аракет жасасак деген тилек...

**Даярдаган: Жумагүл Салиева**









Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# ЭЛ ИЧИНДЕ ЭМГЕГИ СИҢГЕН АГАЙЛАР

Өлкө башчыбыз Сооронбай Жээнбеков тарабынан Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкондугу, кесиптик ишмердигиндеги чоң жетишкендиктери үчүн ОшМУнун искусство факультетинин музыкалык аспаптар жана ырдоо кафедрасынын доцентти, белгилүү обончу ЭГЕМБЕРДИ ТАЛИПОВго жана таланттуу ырчы агайыбыз МАНАС КОЖОМЖАРОВго “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти” ардактуу наамы берилсе, МАМЫРАЛЫ ЭШБАЕВ агайыбызга “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери” деген ардактуу наам ыйгарылды. Алган сыйлыктарын куттуктап, маек төрүбүздө кепке тарттык.



**Эгемберди Талипов икусство факультетинин музыкалык аспаптар жана ырдоо кафедрасынын доценти:**

## “КАЙРЫКТАРЫМ ЭЛГЕ СИҢИП, ЫРЧЫЛАР ТАЛАШЫП ЫРДАП ЖҮРСӨ, МЫНДАН ӨТКӨН БАКЫТ ЖОК!”

- **Сыйлыгыңыз кут болсун, агай! Күттүргөн сыйлык кеч берилип калды деп өкүнбөйсүзбү?**

- Кыргызда “Жакшылыктын эрте кечи жок” деген жакшы кеп бар. Жашоого көзүм каныккан 67 жаш курагымда сыйлык алганым эң туура болду деп эсептейм. Себеби, токтолуп, карылыктын доорунда жашап калган мезгилде бул нерсе мага дем берип, мындан ары да сыйкырдуу музанын күчү менен мыкты обондорду жаратууга, студенттерге болгон билимимди үйрөтүүгө шыктандырып турат. Эң негизгиси сыйлыкка жетишкендигим мен үчүн чоң олжо.

- **Азыркы мезгилде музыка сүйүүчүлөрү ырды угуп жүрсө дагы жаратуучуларын тааныбагандыгы сизди өкүндүрбөйбү?**

- Тээ 1971 – жылдан бери жараткан обондорум теледен, радиодон жаңырып келе жатат. Бирок ушул мезгилге чейин мени тааныбагандарга жан дүйнөмдө таарынуу сезими болгон эмес. Кайрыктарым элге сиңип, ырчылар талашып ырдап жүрсө, мындан өткөн бакыт жок!

- **Обон жаратууда кайсы акындын ырларына басым жасайсыз?**

- Өзүм да саресеп салып көрсөм Т. Байзаков менен А. Өмүркановдун ырларына көбүрөөк басым жасайт экенмин. Бир чыгарманы үстүндө иштеп, качан гана бышып жетилгенде биринчи үй-бүлөмө ырдап берем. 1970 – жылдан бери жаралган обондорумдун сынчысы байбичем Зуурабүбү Мендешова. Андан кийин студенттериме ырдатып, качан гана сындан өткөндө папкемде сактап коем. Ырчыларга “кайсы жерде ырдасаңар дагы сөзү, обону кимдики экендигин айта жүргүлө” деп суранам.

- **Сиздин кол алдыңызда тапталып, тарбия алган окуучуларыңыз кимдер?**

- ОшМУдан сырткары башка жогорку окуу жайлардан келип, таалим алып кеткен уул - кыздарымдын саны арбын: К. Султанов, Н. Сарыкова, А. Кулбаева, С. Каримова сыяктуу кыргыз элине таанымал шакирттерим менен сыймыктанам.

- **Азыркы эстрада ырчыларына кандай баа берер элеңиз?**

- Чынында эле азыркы ырлардын сапаты төмөндөп баратансыйт. Элде эмне көп, жазма акындар көп. Эптеп эки сөздүн башын кошуп, куттуу сахнада ырдап жатышканы ачуу чындык! Туура, баары эле сапаты жаман дегенден алысмын. Сөздүн кунун учурбай, обондун ыргагын бузбай ырдаса деген эле тилек. Кантсе да, кылым карыткан маданияттуу элибиздин жан дүйнөсүнө азык болчу чыгармаларды жараталы.



**Манас Кожомжаров искусство факультетинин эстрада жанры боюнча мугалими:**

## “КОМУЗ МЕНЕН ЭСКИ ЫРЛАРДЫ АТКАРЫП, КЫҢЫЛДАП ЖҮРМӨЙ АДАТЫМ БАР”

- **Саламатсызбы, агай? Алган сыйлыгыңыз кут болсун! Алгач эле сыйлык алгандан кийинки сезимдериңиз менен бөлүшө кетсеңиз, деги эле сыйлык алам деп күттүңүз беле?**

- Саламатчылык, рахмат. Сыйлык бул жасаган эмгегиңдин акыбети. Адам бешене-тер төгүп, кара жанын карч уруп иштесе да, убагында бааланбай калса, чыгармачылыкка болгон кызыгуу жоголот. Сыйлык берилгени да жакшы, бирок мен эч убакта сыйлык үчүн иштеген жокмун. Өз кесибимди абдан сүйгөндүктөн, элдин купулуна толо турган чыгармаларды жаратууну көздөгөм. Эл баалап, даражалуу сыйлыкты ыйгарганы, мен үчүн өтө чоң сыймык.

- **Бул сыйлык сизден канча жылдык эмгекти талап кылды?**

- Билимим боюнча Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство институтун (азыркы Кыргыз улуттук консерватория) вокал адиси жана мугалими кесиби боюча окууну ийгиликтүү аяктагам. Экинчи курсумда эле А.Малдыбаев атындагы опера-балет театрында солист болуп иштеп, алгачкы жолу сахнада 1990–жылдары Ж. Калимбетовдун “Ак Мөөр” операсында Болоттун партиясын ырдагам. Ошко 1994- жылы келип, 2006- жылдан баштап ОшМУда сабак берип келем. Бул жылдар аралыгында Р.Шакирова, Т. Назаров сыяктуу белгилүү ырчыларды тарбиялап чыгардым, ал ортодо менин да көптөгөн чыгармаларым жаралды.

- **Ырчылыктан тышкары кандай жашыруун таланттарыныз бар? Эгер музыканы тандабаганда кайсы кесиптин ээси болмоксуз?**

- Аскердик техникаларга кызыгуум аябай күч болгондуктан, айдоочу эле болсом керек эле. Негизи эле жашоомдо, чыгармачылыгымда жоопкерчиликке, патриоттуулукка өзгөчө басым жасагандыктан студенттерден да аскер адамдары сыяктуу жоопкерчиликти талап кылам.

- **Музыка сиз үчүн?**

- Музыка – менин жашоом! Ал эми музыкалык аспаптардан фортепиано, комуз жана гитарада ойной алам. Көбүнчө үй-бүлөм менен чай үстүндө отурганда комуз менен эски ырларды аткарып, кыңылдап жүрмөй адатым бар.

- Кыргызда “Алма сабагынан алыс түшпөйт” деген макал бар. Балдарыныздан сиздин жолунузду жолдогондор барбы?

- Чоң кызым фортапиано боюнча музыкалык окуу жайды бүтүргөн. Кичине кызым эл аралык мимилелер факультетинде окуса дагы ырдаганга кызыгып келет. “Шибегени капкаката албайсын” демекчи, баарыбир сахнага жетеленгендей өңдөнөт.

- **Сиз сыймыктанган окуучуларыныз жөнүндө айта кетсеңиз?**

- Деги эл бардык окуучуларым аябай таланттуу, дилгир жаштар. Алардын арасында Нуртилек Абдыгапаров, Авазбек Абдимажитов, Мунира Тажибаева муза жолунда татыктуу бара жатышат.



**Мамыралы Эшбаев искусство факультетинин сүрөт, чийүү жана эмгек кафедрасынын доценти**:

## “ГҮЛЧӨ НАН” ДЕГЕН ЭМГЕГИМДИ УКРАИНАДАГЫ МУЗЕЙДЕ АЛЫП КАЛЫШКАН”

- **Арыбаңыз агай! Алгач эле кеп учун алган сыйлыгыңызга бурсак...**

- Сыйлык бул – жасаган иштериңе берилген баа деп билем. Чыгармачыл инсандар үчүн колдоо көрсөтүү- кайрадан күчөп, эргип иштөөгө өбөлгө түзөт. Чынын айтканда ушул жылы берилет деп күткөн эмесмин. Ошентсе дагы талыкпаган эмгегимдин аркасы менен эли журтумдун жардамы аркылуу сыйлыкка жетишкениме кубанычтамын. Албетте, биз жараткан эмгектердин сынчысы да, калысы да эл!

- **Сүрөтчүлүккө кызыгып калышыңызга эмне түрткү болгон, Эшбаев балалыкта кандай инсан эле?**

- Үй-бүлөбүздө сүрөтчүлөр болгон эмес. Чоң энелерибиздин кийиз жасаганы, андагы колдонулган түстөр живопись жанрын тандоомо түрткү берсе керек. Бала кезде айлыбызда эски клуб болчу. Сыны кеткен менен дубалдан тарта шыпка чейин гүлдөр тартылып кооздолгон эле. Кирип “эхе – хе - хе” деп кыйкырган учурда, жаңырган үн жан дүйнөмдөгү талант уюткусун козгоп, дал ошол учурда аябай сүрөт тарткым келчү. Айылда мектептин сүрөтчүсү аталып, Жунай Мавляновдун портретин тартып, агайдын алкоосуна татыгам.

- **Чет өлкөлөрдөн кайсы жерлерде сүрөт көргөзмөңүздү өткөрдүңүз жана кандай эмгектериңиз, кайсы белгилүү музейлерде сакталуу?**

- Чет өлкөлөргө өзүбүз барбасак да, эмгектерибизди жөнөтүп турабыз. Кытай, Россия, Түркия ж.б. өлкөлөрдөн байгелүү орундарды жана сертификаттарды алып жүрөм. “Гүлчө нан” деген чыгармам Украинадагы музейге алып калышкан. Бишкектеги Г.Айтиев музейинде “Голубое детство”, “Нандар”, Ош шаарынын Сулайман – Тоо музейинде “Сулайман –Тоо” ж.б. эмгектерим турат.

- **Эмгектериңиздин ичинен эң жогорку баага татыганы кайсы?**

- Г.Айтиев музейинде сүрөт көргөзмөмдү койгондо ал учурдагы КРдин Маданият, маалымат жана туризм министри К. Талиева “Жаңыл Мырза” деген эмгегимди 50,000 сомго сатып алган.

**Даярдаган : Айдана Аманалиева**

# ЭНЕ ТИЛИМ – ЫЙЫГЫМ, ООМАТТУУ ОШМУ – СЫЙМЫГЫМ



***“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30 жылдыгына жана ОшМУнун 80 жылдык юбилейине карата Ош мамлекеттик университетинде эне тилди даңктаган бир топ иш-чаралар өткөрүлдү.***

***ОшМУнун мамлекеттик тил боюнча проректору С. Арстанов тарабынан мамлекеттик тилдин эки айлыгын өткөрүү жөнүндө жобо иштелип чыкты. Ага ылайык бекитилген графиктер менен ар бир факультет, колледждерде майрамдык кечелер, конференциялар уюштурулуп жатат.*** Бул тууралуу:

“Мамлекеттик тилдин эки айлыгын өткөрүүнүн негизги максаты Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин сактоо, өнүктүрүү, даңазалоо жана пропагандалоо. Студент жаштарды мамлекеттик тилге, Мекенге болгон сүйүүсүн, урматтоосун өстүрүү, кыргыз тилинде туура, сабаттуу сүйлөй жана жаза билүүгө чакыруу. Келечек муундарды идеялык-тарбиялык жана тарыхый-маданий мүнөздөгү иш-чараларга тартуу. Студенттерди мамлекеттик тил аркылуу көркөм сөз өнөрүнө, чечендикке тарбиялоо жана руханий маданиятын өстүрүү”, – деп билдирди Мамлекеттик тил боюнча проректор С.Арстанов.

Бул аракеттерге улай “Мамлекеттин келечеги – мамлекеттик тилинде” аттуу республикалык илимий-тажрыйбалык конференция уюштурулду. Конференция КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы, Ош шаардык мэриясы, КРдин Өкмөтүнүн Ош облустук ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн аппараты менен биргеликте өткөрүлдү.

Баяндамалардан соң талкуулар жүрүп, малекеттик тилдин улуулугун даңазалаган көркөм окуу, обондуу ырлар жаңырды.

Студенттерди эне тилди терең изилдеп, кыргыздын көөнө сөздөрүн жайылтуу максатында ОшМУнун “Нур” гезити жана студенттик акыйкатчы аппаратынын демилгеси менен «Акыл таймаш» интеллектуалдык оюну болуп өттү. Таймашка факультеттерден жалпысынан 15 команда катышты. Оюндун соңку бөлүгү, капитандар таймашы “Kahoot” программасында онлайн жүргүзүлгөнү менен өзгөчөлөндү.

Жалындуу жаштар четтен калбай ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин жаштар комитети, студенттик акыйкатчы аппаратынын демилгеси менен "Тилибиз тирегибиз, мурасыбыз" аттуу жөө жүрүш уюштурулду.

"Негизги максатыбыз шаарыбыздагы көрнөк-жарнактардын туура жазылуусуна, жаштарды эне тилибизде сүйлөөсүнө үндөө"- деп билдирди уюштуруу тобу.

**Жуманын башы “Эне тилим – ыйыгым, Ооматтуу ОшМУ - сыймыгым” аттуу чоң программадагы салтанат менен башталды.**

Алгач сөзгө чыккан ОшМУнун ректорунун м.а. Кудайберди Кожобеков Мамлекеттик тилибиздин 30 жылдык маарекеси менен жалпы жамаатты куттуктап, кылым карытып жашап келе жаткан кыргыз тилинин улуулугун даңазалоо, урматтоо, сактоо, өнүктүрүү ар бир жарандын жүрөгүнөн суурулуп чыгышы керектигин белгиледи.

Кечеде буга чейинки факультет, колледждерде уюштурулган иш-чаралардан мыкты деп тандалып алынган номерлер тартууланды.

Сармерденде талантту улан-кыздар ыр ырдап, бийлеп, макал-лакап, жаңылмачтарды айтышса, ОшМУга келип түрдүү факультеттерде билим алып жаткан ар улуттун өкүлдөрү кыргыз тилинде элибиздин көөнөрбөс мурасы болгон “Манас” эпосунан үзүндү айтып, “Иляздын ырын” созолонто ырдап, бийлеп, макал-лакаптарыбызды айтып, көрүүчүлөрдө тан калтырышты.

Салтанаттын соңунда майрамдык кечени уюштуруунун башында турган ОшМУнун мамлекеттик тил боюнча проректору Сабыр Арстанов кечени уюштурууга салым кошкон жана кечеге активдүү катышкан факультет, колледждердин жетекчилерине, мамлекеттик тил кафедраларынын окутуучуларына, Мамлекеттик тил борборунун жетекчисине, студенттерге ыраазычылыгын билдирип, Ардак грамоталарды, дипломдорду жана белектерди тапшырды.



## КЕЛГИЛЕ, КЫРГЫЗЧА ТУУРА ЖАЗАЛЫ!

***Учурда сабатсыз, ката жазуу көйгөйү күчөп, бул “оору” элита катмарынан тартып, карапайым элге чейин сиңип бараткандай. Калаадагы көрнөк-жарнактарды айтпай эле коёлу, окуу китептердин сабатсыз жазылып жатканы, келечек үчүн чоң көйгөйгө айланары бышык.Төмөндө сиз байкабай кетирген каталар тууралуу мисалдарды көрсөтөбүз.***

**Айтылышына карай туура эмес жазылуусу:**

| *Туура эмес жазылуусу* | *Туурасы* |
|---|---|
| баардык | бардык |
| баардыгы | бардыгы |
| ирээт | ирет |

Кыргыз тилинде энчилүү географиялык атоолорду билдирген кошмок сөздөр гана дефис менен жазылат. Ошонун таасиринде айрым адамга гана тиешелүү өзгөчөлүктү билдирген ылакап аттар жана айрым бирикмелердин, партиялардын энчилүү аттары дефис менен жазылып ката кетирилет:

| *Туура эмес жазылуусу* | *туурасы* |
|---|---|
| Ак-Мөөр | Ак Мөөр |
| Ата-Мекен | Ата Мекен |
| Ата-Журт | Ата Журт |

***Жалпы аталыштагы айрым кошмок сөздөр да дефис менен жазылып калат:***

| *Туура эмес жазылуусу* | *туурасы* |
|---|---|
| ден-соолук | ден соолук |
| иш-сапары | иш сапары |

**Изафеттердин туура эмес колдонулушунан кетирилген каталар:**

| *Туура эмес жазылуусу* | *туурасы* |
|---|---|
| кыргыз тил | кыргыз тили |
| кыргыздын эли | кыргыз эли |
| “Ош” базар туурасы | “Ош” базары |

Географиялык татаал энчилүү аттардын тутумунда баш тамга менен жазыла турган түндүк, түштүк, батыш, чыгыш деген сөздөр кичине тамга менен жазылып ката кетирилет:

| *Туура эмес жазылуусу* | *туурасы* |
|---|---|
| *түндүк батыш* | Түндүк Батыш |
| түштүк чыгыш | Түштүк Чыгыш |
| ыраакы чыгыш | Ыраакы Чыгыш |
| чыгыш Казакстан | |

***Өздөштүрүлгөн сөздөрдүн басымдуу бөлүгүнүн аягындагы б, г, д тыбыштары каткалаңдашып айтылганы менен жазууда орус орфографиясындагыдай жумшак үнсүз менен жазылат. Айтылышына карай жазууда көп ката кетирилет:***

***Айтылышына карай туура эмес жазылуусу:***

| *Туура эмес жазылуусу* | *туурасы* |
|---|---|
| арап | араб |
| клуп | клуб |
| доклат | доклад |

***Көптүк маанини билдирүүчү татаал этиштердин көптүк формада колдонулушунда көп ката кетирилет:***

| *Туура эмес жазылуусу* | *туурасы* |
|---|---|
| келишип жатат | келип жатышат |
| айтышып жатат | айтып жатышат |

Айрым журналисттердин, дикторлордун, көпчүлүк интеллигенттердин сөздөрдү, сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү туура эмес, орунсуз колдонгондугун байкоого болот:

| *Туура эмес жазылуусу* | *Туурасы* |
|---|---|
| Кар төгөт | Кар жаайт |
| Электр чубалгылары | Электр зымдары |


ВВСинин алып баруучусу скрипачтан: "Скрипка чертип бербейсизби?", - деп суранып жатат. Бул туура эмес. Кыргыз тилинде комуз чертилет, кыяк тартылат, срипка ойнолот.

**Google Translate компаниясынын Kyrgyz Translate акциясында «Кыргыз тилинин Google Translate кызматына кошулушуна салым кылыңыз» деп жарнамалык баннерлерде ката жазылып жүрөт. Кыргыз тилинде салым кылынбайт, салым кошулат.**

**Даярдаган: Мелис Маматжанов**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# КИТЕПКАНАГА КАНЧА СТУДЕНТ БАРАТ?



Адамзаттын калыптануусуна китептин тийгизген таасири эбегейсиз. Кайсы доор болбосун келечекке жол, тарыхыбызга күзгү болуп берет. Бирок, азыркы учурда жаштардын көпчүлүгү социалдык тармактардын кулу болуп бараткандай. Бир айда китепканага канча студент барары сизге кызык болуп жатабы? Дал ушул суроонун тегерегинде студенттердин арасында сурамжылоо жүргүзүп көрдүк.

**Жалпы 100 студент**
**Анын ичинен жакынкы 1 айда**
**китепканага баргандар: 60 %**
**такыр барбагандар: 40 %**

***Студенттер кайсыл булактан маалыматты көп алышат:***
**Интернеттен 25%**
**Китептен 10 %**
**Интернеттен да, китептен да маалымат алгандар 65 %**

**СТУДЕНТТЕР ЭҢ КӨП ОКУГАН 10 КИТЕП:**

Ч. Айтматов “Делбирим”
Ч. Айтматов “Тоолор кулаганда”
Ч. Айтматов “Ак кеме”
Ч. Абыке уулу “Бриллиант жылан”
Амина Мамытбекова “Салам, Сеул, мен кыргыздын уулумун”
Сайидмурод Давлатов “Мен жана акча”
Н. Кадырбеков “Япон кереметинин сырлары”
И.А.Бунун “Темная оллея”
“Кошожаш” эпосу
Т. Касымбеков “Сынган кылыч”

***ОшМУнун илимий китепканасынын маалыматына таянсак 1 жылда 27 605 окурман катталып, 721 315 китепти окурмандар керектеген.***

Сурамжылоонун жыйынтыгына ылайык, көркөм-адабий чыгармаларга караганда илимий, кесипке багытталган китептерди окуган студенттерди көп кездештирдик. Арасында китепти аздектеп, аяр мамиле жасаган студенттерибиз да жок эмес. Алардын бири Маматкадыр уулу Шайырбек учурда ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин 1-курсунда окуйт:



“Күн алыс китепканага келип турам. Улам жаңы окуган китебимди тапшырып, кайра башка китеп алганга шашам. Китептин сыйкыры өзгөчө. Андагы каармандарга аралашып кеткенимди сезбей калам. Жакынкы аралыкта «Сынган кылыч», «Миллионго бааланган өмүр», «Магия утро» деген китептерди окуп бүттүм. Дүйнөлүк классик акын-жазуучулардын чыгармаларына да тиш кагып жүрөм. Орус жазуучусу Максим Горькийдин “Детство” чыгармасын кайталап окугандан тажабайм” – деп билдирди жаш окурман.

Чынында эле ар тараптуу өсүүнү кааласак, ар күндү китептин ак барагын ачуу менен баштайлы!

***Даярдагандар: Нуржамал Шадыбаева, Аймээрим Гульжигитова, Эркайым Калыкова***

## *АКЫНДАРДЫН ЖҮРӨГҮНДӨГҮ КҮЗ*

### *ЧЫКЫРООН КҮЗ*

***Булут тосуп жарык күндүн бир көзүн,***
***Булбул куштун уга албайсың үндөшүн.***
***Кирип келди чыкыроон күз – айбаттуу,***
***Кийип алып кызыл-сары күрмөсүн.***

***Суук аба, муздак шамал, суз асман,***
***Суулар акпай муз денелүү тузактан.***
***Сумсайышса тоолор ичтен чыйрыгып,***
***Сук каргалар “карк-курк” этет узактан.***

***Төгөт жамгыр... Жолдор көлчүк тешилип,***
***Таманыңдан баткак өбөт эзилип.***
***Дарыялар киргил тартып ташкындап,***
***Дарак боздойт эчак алган чечинип.***

***Чулгап жерди үймөк сары жалбырак,***
***Чөп кубарат, бели сынып жалдырап.***
***Терезелер ным кучактап тердешсе,***
***Туман уктайт таалааларда магдырап.***

***Түтүн булап көккө кыштак үйүнөн,***
***Түндөр узун сестенчүдөй түрүнөн.***
***Камыккансыйт Жер-эне да ыр угуп,***
***Кайтып учса келгин куштар дүңүнөн.***

***Иттер тоңуп, эптеп үрбөй таң ашат,***
***Иштер кычап, мезгил санаа жаратат.***
***Мемиреген жылуулук бар бөлмөдө,***
***Мештин үстүн кумган, чайнек талашат.***

***Тоготпостон күзгү желдин үшүгүн,***
***Татып даамын жайкы эмгек үзүрүн,***
***Элеттиктер кызуу турмуш шарында,***
***Эбак жыйган отун, эгин, түшүмүн.***

***Аяганды көңүлүнө эч илбей,***
***Аяз ойноп айлананын бетинде эй.***
***Чыкыроон күз – улам сүрдүү ышкырат,***
***Чиркин өмүр тизмегинин кечиндей.***

***Жылдызбек Турсунбаев***

### *УШУЛ КҮЗ...*

***Ушул күзүм, былтыркыдан бөтөн күз***
***Улам мезгил өтсө биз да бөтөнбүз.***
***Каркырадай тизмектешип өмүрдөн***
***Кайтпай артка закым болуп өтөөрбүз.***

***Ушул күзүм, орун алды көңүлдөн,***
***Удургушуп жалбырактар төгүлгөн.***
***Жаз, жай жашап из калтырып андан соң***
***Кош айтышып бараткансыйт өмүрдөн.***

***Ушул күзүм, быйыл башка сезилдиң,***
***А балким ал сыйкырыдыр мезгилдин.***
***Күнүмдүк көз ирмеми бул жашоонун,***
***Күбөсүдүр бактылуу бир кезимдин.***

***Ушул кезде, буулугуума эм издеп***
***Бул турмушка алымсынбай, кем издеп,***
***Күздү сүйүп, күдөр үзбөй баарынан,***
***Келем жашап, кырды ойго тегиздеп.***

***Ушул күзүм, былтыркыдан бөтөн күз,***
***Улам мезгил өтсө биз да бөтөнбүз.***

***Узак сапар жолду басып өмүрдөн,***
***Ушул күздүн баркын билбей өтөөрбүз.***

***Узак сапар жолду басып өмүрдөн,***
***Ушул кездин баркын сезбей кетээрбиз...***

***Калича Жакыпова***

### *КҮЗ*

***Күз аралап жолдон бүткөн калааны,***
***Калың кийим жылуу көңүл талабы.***
***...Мезгил бою дарактардын эмгеги,***
***Тепсеп жатат ар кимдердин таманы.***

***Өңдөн азып бүт дарактар турат куу,***
***Бир-экиден жалбырагын серпишет.***
***Жердегилер жетим бала сыяктуу,***
***Ары өткөндү, бери өткөндү ээрчишет.***

***Бир ой-кубат жашообузга бирөө-нур,***
***Алдыга тек басуубузга кызыгып.***
***Өкүнткөнү Кудай берген гүл өмүр,***
***Бирден-бирден түшүп жатат үзүлүп.***

***Изин кууп, жылт эткен бир үмүттүн,***
***Ар күз сайын көп жалбырак теребиз.***
***А өмүрдүн күзү келип калганда,***
***Тебелентип таштап кете беребиз...***

***Бүкалча Маматали кызы***

“Нур” ОшМУнун студенттеринин коомдук маданий гезити
**Башкы редактору:**
МАМАТЖАН уулу Мелис
**Редактордун орун басары:**
Термечиков Аккоша

**Редакциялык кеңеш:**
А.Мурзакметов,
А.Айтманбетов,
Т.Жороев,
Т. Колдошов
З.Нуралиева,
У.Омокеев

**Редакциялык топ:**
Марат уулу Сыймык,
Каныбек уулу Нургелди,
Калыкова Эркайым
Жусупалиева Айганым

**Корректор:** Нурсултан кызы Венера

**Менеджер:**
Аманалиева Айдана
**Каттар бөлүмүнүн жетекчиси:**
Салиева Жумагүл
**Кабарлар бөлүмүнүн жетекчиси:**
Гульжигитова Аймээрим
**Фото кабарчы:**
Термечиков Аккоша

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
**Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.**
Нускасы: 3350 Буюртма № 1671




# ИСПАНИЯГА БИЛИМ САЯКАТЫ

***Учурда мобилдүүлүк боюнча жакынкы жана алыскы чет жерлерде окуп келген студенттердин саны өсүп, билим алуунун мейкини кеңейүүдө. Бул санЫбызда Испаниянын Кадис университетинде окуп келген Кыргыз-Европа факультетининн 3-курсунун студенти Аруна Жунусованын маегине назар салалы.***

***Аруна Жунусова, Кыргыз-Европа факультетинин 3-курсунун студенти:***

## “КИТЕП АЛУУГА АКЧАМ ЖЕТПЕЙ, КУЛАК СЫРГАМДЫ САТКАМ...”

### КИЧИНЕКЕЙ КЫЯЛДАР

Бала кезден чет өлкөдө билим алсам деген кыялым күч эле. География китебин барактаган сайын, кичинекей кыялым жакындагандай сезиле берчү. Мектепти аяктаган соң, ОшМУнун Кыргыз–Европа факультетине тапшырдым. Англис тили менен кошо испан тилин үйрөнүп, шыктандыруучу китептерди окуп, өзүмө болгон ишенимди арттыра баштадым. Аны менен катар испан элинин каада – салты, маданияты менен кенен-кесир тааныштым. ОшМУ менен Испаниянын Кадис университетинин ортосундагы келишимине ылайык Эразмус+ программасы аркылуу көксөгөн кыялыма жол ачылды. Испания менен гана чектелбестен, Германия, Англия, Франциянын Париж шаарларына барууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

### ИСПАНДАР ШАЙЫР МҮНӨЗ ЭЛ

Испан эли аябай жөнөкөй, шайыр келишет экен. Биз улуттук Карнаваль майрамына туш келиптирбиз. Өзгөчө атмосфера орун алып, жомоктогу жашоого киргендей болдук. Баса, паэлья деген улуттук тамагын, биздин күрүчтөн жасалган ашка окшоттум.

### САБАККА БАРБАЙ КАЛСАҢ ЖОКТОБОЙТ

Окуу программасы көбүнчө интернет менен тыгыз байланышкан жана биздин AVN окуу системасы сыяктуу программа менен ишке ашат экен. Сабакка барбай калган учурда жоктобогону өзгөчөлүк десем болот. Эгер сабак кызыктуу болсо катышып, жакпаса чыгып кетүүгө толук түрдө укугу болот. Ар бир студенттин пикири менен окутуучулар эсептешип, оюн баалайт экен. Бизге Америкадан, Англиядан, Барселонадан келген профессорлор сабак өтүп жатышты жана Африка Египеттен келген студенттер менен бирге билим алдык. Сабак учурунда өзүбүздүн өлкөбүз, элибиз тууралуу тааныштырдык.

### КАЛООБОЛСО,КЕЛЕЧЕККЕКӨПҮРӨСАЛААЛАБЫЗ

Азыр дүйнө таанымым, көз карашым өзгөрдү. Көп нерсени түшүндүм. Алдыга койгон максаттарыма жетүү үчүн болгон күчүмдү жумшайм. Биринчи курста окуп жатып, китеп сатып алууга каражатым жетпей, алтын сыргамды сатууга туура келген... Демек, каалоо болсо, тосулган тоскоолдуктарды жирип өтүп, келечекке көпүрө сала алабыз. Шылтоо менен өзүбүздү сооротпой, убактыбызды текке кетирбей, максатыбыздын үстүнөн эмгектенели. Эч качан артка чегинбейли.

Даярдаган: Салиева Жумагүл



## САСЫК ТУМООДОН САКТАНЫҢЫЗ!

Адам орточо эсеп менен бир жылда үч жолу сасык тумоого чалдыгат.

Бул оорудан айыгууга медицинадан сырткары элдик каражаттар да натыйжалуу жардам берет. Кайсы элдик каражаттар экенин төмөнкү макаладан билиңиз.

**Лимон. Бир лимондун ширесин сыгып аласыз. Аны 800 мл. кайнаган сууга кошуп, ушул эле сууга 100 грамм бал бошуп аралаштырасыз. Бул аралашманы бир күндүн ичинде ичип түгөтүшүңүз керек.**

**Пияз кошулган сүт. Бир стакан сүттү кайнатасыз. Бир баш орточо көлөмдөгү пиязды кыргычтын майда тишинен өткөрөсүз да, аны кайнап жаткан сүткө кошуп аралаштырасыз. 10 мүнөт тыныктырып, жылуу калыбында ичесиз.**

**Малина. 4 чай кашык малинанын кургатылган жалбырагын же мөмөсүн 2 стакан кайнак сууга салып демдеп, аны бир нече саат термосто калтырасыз. Андан соң жылуу калыбында жарым стакандан күнүнө 4 жолу ичесиз.**

**Бал кошулган сүт. 1 стакан ысык сүткө 2 чоң кашык балды кошуп аралаштырып, бир күндүн ичинде 2-3 жолу ичесиз.**

**Бал менен сарымсак. Сарымсакты кыргычтын майда тишинен өткөрүп, теңме-тең кылып бал кошосуз. Күнүнө 1 чоң кашыктан 1-2 жолу жеп, артынан суу ичип аласыз.**

**Сүт, жумуртка, бал, май. Жарым литр бир аз жылытылган чийки сүткө 1 даана чийки жумуртканы, 1 чай кашык балды жана ушунча өлчөмдөгү каймакмайды (сливочное масло) кошуп жакшылап аралаштырып, жатарда ичип жатасыз. Эртең менен натыйжасын кадимкидей байкайсыз.**

**Кара карагат. Сасык тумоону айыктыруудагы натыйжалуу элдик каражат - кара карагат. Кышында карагаттын кургатылган жалбырактарынын маңызын пайдаланууга болот. 4 стакан сууга бир кочуш майдаланган жалбыракты салып 5 мүнөт катуу кайнатып, андан кийин жай отко 1-2 саат кайнатасыз. Бир аз шекер кошуп жатарда 1 стакандан ичип турасыз.**

**Нимматилла Конобаев,**
**ОшМУнун ден соолукту чыңдоо пунктунун жетекчиси**

## КАЛЕМГЕРЛЕР, ЧАМДАҢЫЗДАР!

***Ош мамлекеттик университетинин “Нур” гезити жаш калемгерлерди колдоо максатында ОшМУнун 80 жылдыгына карата “ОшМУ акындардын ырларында” аталышындагы калемгерлердин ыр сынагын жарыялайт.***

Сынакка катышуу шарттары:

- Ырдын көлөмү эки барактан ашпоого тийиш;
- Ырлар Ош мамлекеттик университети жөнүндө жазылуусу шарт;
- Калемгерлердин жаш курагы чектелбейт;
- Чыгарма Word форматында, Times New Roman 14 арибинде болуусу керек;
- Сынактын катышуучусу чыгармасы менен бирге өзү тууралуу маалымат: толук аты-жөнүн, дарегин, байланыш номерлерин тапшыруруга тийиш;
- Ырлар 2019-жылдын 30-декабрына чейин кабыл алынат;
- Сынакка катышууну каалагандар белгиленген электрондук почта аркылуу жөнөтүп же “Нур” гезитинин редакциясына алып келүүсү керек.

Сынактын жыйынтыгы:

- Сынакка катышкан чыгармалар калыстар тобуна купуя ысым менен тапшырылып, жыйынтык чыгарылат;
- Байгелүү орунду камсыздаган калемгерлер ОшМУнун 80 жылдык салтанаттуу аземинде сыйланат;
- Мыкты делген ырлар атайын китепче болуп чыгат.

Дарегибиз: Ош шаары, Ленин к. 331, ОшМУнун башкы корпусу, 2-кабат 219-каана, “Нур” гезитинин редакциясы.

Тел: +996772127812, +996505 12 78 12
E-mail: Osh1991@mail.ru




***ОшМУнун жатканасында жашаган студенттерге 2019-жылдын 1-октябрдан тарта жумасына эки жолу корей тилин акысыз окутуу башталат. Окуу мөөнөтү бир жыл. Студенттер Кореяга окуп, иштеп келгенге мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.***

Акысыз тил курсу жатаканалар боюнча координатор Канат Абылкасым уулу жана эл аралык мамилелер факультетинин контракт жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары Аруукe Султанованын демилгеси менен уюштурулууда.

Каттоо ар бир жатакананын студенттик кеңешинде кабыл алынууда.